**«2017-2022-жылдарга Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн экстремизмге жана терроризмге каршы аракеттенүү боюнча программанын» алкагында ыймандуулукка,адептүүлүккө ,маданияттулукка тарбиялоо багытында жана адептүүлүккө жатпаган наркыбызга,салтыбызга туура келбеген көрүнүштөрдүн алдын алуу боюнча Кочкор аймагындагы К.Акназаров атындагы орто мектебинде ата-энелер, окуучулар арасында өтүлгөн чогулуштун**

**ТОКТОМУ №1**

*Күнү: 22.04.2019-жыл* *Чолпон айылы*

*Чогулушка катышкандар:*

*84 ата-эне*
*Мугалимдер: 36*
*Кочкор райондук ИИБнүн башчысынын орун басары: подполковник У.Жамангулов,*
*Кочкор райондук мамлекеттик администрациясынын адиси:А.Акимов,*
*Кочкор райондук прокурору: К.Нуруллаев,*
*Кочкор райондук кургак учукка каршы күрөшүү боюнча врач:А.Эсеналиева,*
*Кочкор райондук үй бүлөлүк дарыгерлер борборунун врачы: К .Иманалиева,*
*Нарын облустук казыятынын окуу бөлүмүнүн башчысы: С. Исаев,*
*Адеп башаты коомдук фондунун өкүлү: Ө.Бекташев,*
*Кочкор райондук ИИБнүн инспекторлору: милициянын ага лейтананты М Курманова, ЖЖИнын кызматкери В.Темирбекова,*
*Кочкор райондук БББнүн адиси Э.Арунов,*
*Кочкор райондук Улуттук коопсуздук кызматынын кызматкери:М.Касымов,*
*Чолпон айыл өкмөтүнүн соц кыматкери:С.Карыпбаев*

*Каралуучу маселелер:*

*1.Жаш өспүрүмдөр арасындагы кылмыштуулуктун алдын алуу*

*2.Жугуштуу оорулардын алдын алуу*

*3.Үй бүлө баалуулуктары*

*Угулду:*

***Мектеп директору Ж.Өмүрбеков-Урматтуу ата-энелер!Бүгүн биздин мектепке атайын сиздер менен жолугуш үчүн ар кандай тармактын кызматкерлери келишти.Анда эмесе сөз кезегин берели.***

***Кочкор райондук ИИБнүн башчысынын орун басары: подполковник У.Жамангулов,****-Урматтуу ата-энелер жана окуучулар! Биз бүгүн силер менен балдардын кылмыштуулугунун алдын алуу боюнча сүйлөшүп, чечилбеген маселелер болсо биргелешип чогуу чечишкенге аракет кылалы деп келдик.Сиздерге балдар арасындагы кылмыштуулук жана кылмыш кылган балдарга жана ата-энелерге колдонулуучу жаза кодекси боюнча түшүнүк берип кетейин.Жашы жетпегендердин кылмыш жаза жоопкерчилиги төмөндөгүдөй болуп каралат.*

*1.айып- 1000сомдон*

*2. үч эселенген айып-3000ден өйдө*

*3.камакка алуу*

*4.эркинен ажыратуу*

*Бул бөлүмдөр 14 жаштан жогорку ар бир кылмыш кылган балдар үчүн колдонулат.Ошондуктан ата-энелер,окуучулар кылмыш кылуудан алыс болуп.тартип бузбай мектепте,коомдук жайларда ,көчөдө өзүңөрдү тартиптүү алып жүргөнгө аракет кылгыла.*

***Нарын облусттук казыятынын окуу бөлүмүнүн башчысы: С. Исаев-****Саламатсыздарбы жалпы агай –эжейлер,ата-энелер жана окуучулар! Биз 2017-жылы дагы келип, ушул маселер боюнча чогулуш өткөнбүз. Бүгүнкү темага байланыштуу видео роликтерибиз бар. Видео роликтерди көргөндөн кийин кандайдыр бир жыйынтыктар болот деп ойлойм. Пайгамбардын да хадиси бар. Кимде ким уулун же кызын ыйман жолунда тарбияласа, куран үйрөтсө ал адам үчүн акыретте алтындан таажы кийгизет дейт.Жаштарыбызды ыйман жолуна , мамлекетке зыян алып келбей, пайда алып келген мекенчил патриоттторду тарбиялайлы.Адам болуп жаралгандан кийин ыймандуу, кайрымдуу ата-энеге мээримди төккөн билимдүү жаштардан болушубуз керек.Ал үчүн жалгыз эле өзүбүздү ойлобой,жалпы кыргыз элинин кызыкчылыгын көздөп,Ата Мекенди көздүн карегиндей сактайлы. «Жакшылыкка чакыруу жамандыктан кайтаруу, адамдарга пайдалуу»- деген накыл сөз бар. Мына ушул сөздү турмушубузда колдонолу.Бири бирибизге туура жолго багыт берели.*

***Кочкор райондук ББЪнүн адиси:Э.Арунов:****Саламатсыздарбы ардактуу ата-энелер,кымбаттуу окуучулар!Сиздерди чогултуп жатканыбыздын себеби, биздин келечек муундар болгон окуучулардын коопсуздугу бизди тынчсыздандырат.Окуучу менен мугалимдин,мугалим менен ата-эненин,ата-эне менен окуучунун ортосундагы байланыштар тууралуу сүйлөшөлү деп чогулуп жатабыз. Баардыгызга белгилүү болгондой азыркы заманда балдардын укугу деп жатып мугалимдердин кадыры түшүп,окуучулардыкы көтөрүлдү.Бул көрүнүштөргө албетте өзүбүз күнөөлүбүз.Заманыбыз жетиштүү.Азыркы негизги көйгөй телефон,тагыраак айтканда телефон аркылуу кирген интернет булактары Телефонду туура жакка пайдаланбай, туура эмес жакка колдонуу.Ар бир ата-эне балдарга күнүгө 3-5-минут убакыт бөлүп , күндөлүгүн, окуу куралдарын,телефондон эмне менен алектенип жатканын караса, жакшы натыйжа бермек.Балдарды көңүл бөлүп, жакшы кароо ата-эненин милдети.Ушул жерге келген ата-энелерге рахмат айткым келет, себеби сиздер балдарыңыздарга кайдыгер карабаган ата-энелерсиздер.Биздин сөздөрдү сиздер угуңуздар,силердин сөздөрдү биз угуп биргеликте иш алып баралы.К.Акназаров орто мектеби да окуу тарбия иштери боюнча да бир топ алгылыктуу иштерди жүргүзүп жатышат.Жогорудагы айтылгандарды угуп,сиздер дагы туура жыйынтык чыгарат деген ойдомун.*

***Кочкор райондук үй бүлөлүк дарыгерлер борборунун дарыгери: К .Иманалиева-****Ардактуу ата-энелер,окуучулар!Бүгүнкү менин айта турган сөзүм дүйнө жүзүнүн эң көйгөйлүү маселеси СПИД оорусу.Кочкор району боюнча 52 киши катоодо турат.Бул оорунун алгачкы стадиясында адам өзү билбей,10 жылга чейин жүрө берет дагы башка адамдарга адамдарга жугузуу коркунучу көп болот.Оорунун таралуу себептерин сиздер эң жакшы билесиздер.*

*Эгер жугузуп алган болсо бир эле адамга эмес,бүтүндөй үй бүлөгө трагедия алып келет.Ошондуктан урматтуу ата-энелер,бүтүрүүчүлөр! Алдын алуунун бирден бир жолу элге алдын алуу боюнча маалымат жеткирүү болуп саналат.Сиздер ооруну жуктуруп албоо үчүн дайыма сергек жашоону колго алышыңыздар керек.*

***Мектеп директору : Ж.Өмүрбеков-****Урматтуу коноктор! Мына бүгүн ата-энелерге,окуучуларга келип жакшынакай маек куруп бергениңиздерге чоң рахмат.Бүгүнкү күндөгү эң көйгөйлүү*

*маселелер боюнча кеп козгодуңуздар.Баарыбыз биргелешип иш алып барсак,биргелешип иш жүргүзсөк баары ордуна коюлат деп ойлойм.Келип катышкан ата-энелер, окуучулар менин оюмча жетишээрлик маалымат алышты. Маанилүү көп сөздөр айтылды.Айтылгандарды угуп эле койбой,эске алып аткарганга аракет кылалы.*

***Жогорудагы чогулуштун мүчөлөрүнүн пикирлерин угуп жана талкуулап,токтом кылат:***

*1.Жаш өспүрүмдөр арасындагы кылмыштуулуктун алдын алып,кылмыштуулукка жол бербөө жагы ата-энелерге милдеттендирилсин.*

*2.СПИД оорусунун алдын алуу боюнча мугалимдер тарабынан окуучуларга түшүндүрүүлөрү каралсын.*

*3.Ар бир ата-эне балдарынын жүрүм турумун көзөмөлгө алуулары милдеттендирилсин.*

Корчубек Акназаров атындагы орто мектебинде 2020-2021-окуу жылына карата жаштарды ыймандуулукка, адептүүлүккө, маданиятуулукка тарбиялоо багытында жана зордук зомбулукту, кылмыштуулукту, эрте никеге туруунун алдын алуу боюнча жогорку класстын окуучуулардын жана ата-энелердин арасында түшүндүрүү иштерин жүргүзүү боюнча өткөрүлгөн жыйналыштын

**ПРОТОКОЛУ**

2021-жыл 2-март Чолпон айылы

1. **Мектеп директору Айдаркулов Рысбектин сөзү:** Урматтуу ата-энелер, окуучуулар биздин мектепте жаштарды ыймандуулукка, адептүүлүккө, маданиятуулукка тарбиялоо багытында жана зордук зомбулукту, кылмыштуулукту, эрте никеге турууну алдын алуу боюнча түшүндүрүү үчүн сөздү Кочкор райондук мамлекеттик администрациясынын башкы адиси Мамытова Наргиза Асанкуловага берели.

2. **Мамытова Наргиза Асанкулова**: Саламатсыздарбы окуучулар жана ата-энелер. Сиздерди салттуу режимде окуп башташынар менен куттуктайм! Окууну баштаарда чоң жоопкерчилик болду.Жергиликтүү бийликке талап коюлуп, билим берүү жанданды. Үйдөн окуш өтө оор болду. Окуучулардын мектептен билим ала баташы окуучулар, ата-энелер үчүн да жакшы болду. Окуу башталаары менен окуучулар арасында кылмыштуулук каттала баштады. Кылмыштуулукту алдын алуу боюнча түшүндүрүү иштерин жүргүзүп жатабыз. 2020-жылы окуучуларды телефон менен камсыз кылдыңыздар ата-энелер. Ата-энелер балдарыныздардын телефондорун көзөмөлдөп туруңуздар. Себеби окуучулар телефондорун 20% гана сабака колдонуп калган 80% "Фри фаер" ойноп колдонуп жатышат.
Окуучулар телефонду сабакка жана маалымат алганга колдонгула. Ата-энелер балдардын курсагын тойгузуп, кийим кийгизип койсо болду деп ойлошот. Бирок андай эмес. Балдарыныздыр менен тыгыз мамиледе болуп, сүйлөшүп турунуздар. Телефон колдонгон балдардын кыял жоругу да тез-тез өзгөрүп турат.

   Ата-энелерге сунуш 9-классты бүткөн кыздарда күйөөгө тийген, клей жыттаган балдар кыздар көп болуп жатат. Кыздарды мектепти толук бүтүп, жетилгенде кетирелик. Үчкө окуп деле бизнесмен депутат болуп жатышпайбы дейбиз. Бирок билими жок кандай депутат, бизнесмен болуп жатканын көрүп жатасыздар. Кыздар 18 жаштан гана никеге тура алышат. Ата-эне менен балдардын ортосундагы мээрим болуп, көз салыныш керек балдарга. 3-класстын окуучу клей жыттап "мен вертолеттон учтум" –деп айткан. Окуучулар азыр силер губка сыяктуусунар. Кандай маалыматты өзүнөргө көп синирсеңер ошого жараша калыптанасынар.

   Быйыл 9-класстын окуучусу тамеки чегүү менен кармалып, учеттко алынды. Андай окуучуларга минимум 3000 сом штраф салынат. Ал баланын максаты Суворовскийге тапшыруу экен. Эми ал ал жака тапшыра албайт. Ошондуктан жакшы жүрүп, жакшы окуп татыктуу тарбия алгыла.

3. **Кочкор районуну БББ адиси Турукбаева Нуржан Намазбековна:** Бугунку күн биз үчүн жакшы күн болуп жатат. Сиздер менен жолугушканыбызга кубанычтабыз!
Биздин бүгүнкү келген максатыбыз сиздерге маданиятуулукка, адепүүлүккө, ыймандуулукка трабиялоо боюнча маалымат берүү.
Урматтуу ата-энелер азыркы балдарыныздардын тарбиясына, жүрүш-турушуна өзгөчө көбүрөөк маани берип көзөмөлдөп турунуздар. Биз сиздерди мектепте жакшы жагы менен тааныйбыз. Мектепте "Энелер мектеби" бар экенин билебиз. Бул да балдардын тарбиялануусунда чоң роль ойнойт. Ушул "Энелер мектебин" токтотпостон уланта берүүнүздөрдү сурайм. Биз сиздерден көп ийгиликтерди күтөбүз. Келечек жаштардын

колунда, андыктан балдарыбыз терен билим алып, алдыдагы ОРТ жана башка тестерден татыктуу балл алып илимдүү, билимдүү болушунарга тилектешмин!

4. **Жаш өспүрүмдөр менен иштөө инспекциясынын инспектору Жекшенбек уулу Сөңкөл:** Биздин масатыбыз кылмыштуулукту алдын алуу. Өткөндө ушул мектептин балдары менен У. Малтабаров мектебини окуучулары телефон аркылуу чоң кылмыш болду. Бул нерсенин аягы тынч бүттү. Бирок ушундай балдардын жаңжалы жаман болушу мүмкүн. Экинчи маселе камкорчулук тууралуу. Эгерде өзүңүздөр башка жака кете турган болсонуздар, балдар кароосуз калбаш керек. Сөзсүз камкорчуга дайындашыныздар керек. Майрам убактарында балдардын отуруш уюштуруусуна жол берилбейт. Эгерде отуруш менен кармалышса 2 статья менен жоопко тартылат.
   1. Окуучулардын кылмыштуулукту уюштуруу боюнча
   2. Ата-энелерге кароосуз калтыргандыгы үчүн

5. **Кочкор райондук ооруларды алдын алуу жана санэпид көзөмөл борборунун врачы Боронбаева Арзанкүл:**Саламатсыздарбы ата-энелер жана окуучулар!

   COVID -19 даам сезбей калуу, ич өтүү температура жогоруу болот. Бүгүнкү күнү 9 адам дарыланып жатат. Бул оору өтө жугуштуу жана коркунучтуу болду. Ошондуктан ооруну алдын алуу маска тагынуу, эмдөө, колду бат баттан жууп туруу эсептелинет. Бул оору менен ооруган адамдардын имунитетти ылдыйлаганына байланыштуу, сахары көтөрүлөт да сахарный диабетке чалдыгат. Ошондуктан көп кыймылдап, витаминдерди колдонуп турусу керек. Учурда оору менен катталган адамдар жок. Баарыныздарга ден соолук каалайм.

6. **Кочкор районунун иманы Хатибинин оорун басары Карабаев Рахат:** Саламатсыздарбы? Ар бир адам милдетин билиш керек. Мугалим балага билим берет. Ата-энеге бала аманат. Балага туура тарбия берүү керек. Окуучунун милдети ата-энени, мугалимди угуу жана сыйлоо. Илимдүүлөрдүн даражасы чон жана жогору болот. Тил үйөнүп телефонду жакшыга пайдаланалы. Азыр окугула жана билим алгыла. Мусулман адам колунан да тилинен да жапа чекпейт. Башка бирөөгө зыян келтирбеш керек. Зыян келтирсен сөзсүз ошо жаза менен жазаланасын. Баарынын укугу бирдей. Бирөөнүн укугун тебелебеш керек. Ата-энелер тарбия берүүдө шарт түзүп бериш керек. “Уядан эмнени көрсө учканда ошону алат” дейт. Үйдө өзүбүз үлгү болушубуз керек. Ата-энелер балдарга камкордук кылалы жана татыктуу тарбия берели.

7. **Ата-энелер**: **Кожобекова Аселде:** Биз сиздерге ыраазыбыз. Биздин балдар үчүн кам көрүп, алдын ала иштерди жүргүзүп жатасыздар. Бүгүн көптөгөн маалымат алдык. Болгону ата-энелер ошол маалыматтарды колдоно билүүнү үйрөнөлү. Сиздердин да ишиниздерге ийгилик каалайм. Жалпы ата-энелердин атынан.

Мектеп диретору: Айдаркулов Р.

Катчысы: Жунушалиева Ж